<table>
<tr><td>Документтин шифри<br>*Q-2024-0017*</td><td>Ош мамлекеттик университети</td></tr>
<tr><td></td><td>САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ</td></tr>
<tr><td>**ОК № 7 токтому 07.05. 2024**<br>Ректордун №2021-ФХД/24 (08.05.2024 ) Буйругу менен бекитилен</td><td>ОшМУда билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү жөнүндө жобонун №2 тиркемеси<br><br>Бүтүрүүчү структура тарабынан билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу жана бекитүүнүн тартиби</td></tr>
</table>

# Бүтүрүүчү структура тарабынан билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу жана бекитүүнүн тартиби

**2024-жыл**

## Жалпы жоболор

Билим берүү стандартынын (*мындан ары ББСнын*) долбоору багытты (профилди)/адистикти даярдаган бүтүрүүчү структуранын демилгеси менен иштелип чыгат. ББСнын долбоору “ОшМУда билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү жөнүндө” жобого ылайык жана ББС иштеп чыгуу учурда колдонуудагы ченемдик-локалдык документтерине ылайык иштелип чыгат.

Билим берүү стандартынын иштеп чыгуу үчүн атайын жумушчу топ түзүлөт жана **жумушчу топтун курамы төмөндөгү тармактардан түзүлүүгө тийиш:**

- *бүтүрүүчү структуранын (кафедра, бөлүм, ПЦК) окутуучуларынан;*
- *иш берүүчүлөр жана бүтүрүүчүлөрдөн;*
- *Ата мекендик ЖОЖдордун жана колледждердин кызматкерлеринен;*
- *чет өлкөлүк ЖОЖдодун (колледждердин) кызматкерлеринен;*
- *илимий уюмдардын жана академиялык түзүмдөрдөн, мамлекеттик жана коомдук уюмдардын өкүлдөрүнөн.*

### Билим берүү стандарттарын иштеп чыгуучу жумушчу топ түзүү жана бекитүү

| Кадамдар | Аткарылуучу иштер | Жооптуулар |
|---|---|---|
| 1 | Билим берүү стандартын иштеп чыгуучу жумушчу топтун курамын түзүү тармактык комитетке сунуштоо | Бүтүрүүчү структура (кафедра, бөлүм, ПЦК) |
| 2 | Тармактык комитет жумушчу топтун курамынын багытка(профилге) /адистикке ылайыктуулгун талкууланат жана бүтүм алынат | ОшМУнун Окуу усулдук бирикмесинин *(мындан ары ОУБ)* тиешелүү тармактык комитети |
| 3 | Оң бүтүм берилген жумушчу топтун курамы бекитилет | Ректор |

### Жумушчу топ тарабынан иштелип чыккан ББС бекитүүнүн этаптары

| Кадамдар | Аткарылуучу иштер | Жооптуулар |
|---|---|---|
| 1 | Иштелип чыккан ББСнын долбоору бүтүрүүчү структуранын отурумунда талкууланып проколдоштурулат. | Бүтүрүүчү структура |
| 2 | Иш берүүчүлөр менен атайын жыйын уюштурулуп, ББСнын долбоору талкууланат жана протоколдоштурулат. | Бүтүрүүчү структура |
| 3 | Факультеттин/институттун/колледждин окумуштуулар/педагогикалык кеңешине талкууга коюлат жана проколдоштурулат. | Факультеттин деканы, |

| | | |
|---|---|---|
| | | институттун/колледждин директорлору |
| 4 | Бүтүрүүчү структура жактырылган ББСнын долбоорун техникалык кароого жөнөтөт. | Бүтүрүүчү структура |
| 5 | ББСнын долбоорун ОшМУда билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү жөнүндө жобосуна жана анын тиркемелердеги талаптары боюнча шайкештиги техникалык кароодон өткөрүлөт. | Билим берүүнүн изилдөөлөрдүн, инновациялардын сапатын өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландоо департаменти |
| 6 | ББСнын долбоорун ОУБдун тиешелүү тармактык комитетине бекитүүгө өтүнмө (билдирүү) менен кайрылат (өтүнмө университеттин сайты аркылуу электрондук формада толтурулат)<br>Эскертүү: *өтүнмө берүүдө иштелип чыккан билим берүү стандартынын долбоорунун англис тилиндеги варианты кошо берилет.* | Бүтүрүүчү структура |
| 7 | ОУБ тарабынан ББСнын долбоору чет өлкөлүк окуу жайлардан тартылган үч экспертке экспертизадан өткөрүүгө жөнөтүлөт | Координациялык кеңеш |
| 8 | ОУБ чет өлкөлүк эксперттердин жактырылган бүтүмүн тиешелүү тармактык комитетке кароого жөнөтөт | Координациялык кеңеш |
| 9 | Тармактык комитет эксперттердин сунуштарынын негизинде ББСнын долбоорунун үстүнөн өркүндөтүү, жакшыртуу иштерин жүргүзүшөт жана ББС долбоорун бекитүүгө сунуштоо же сунуштабоо чечимдери кабыл алынат | ОУБдун тармактык комитети |
| 10 | Тармактык комитетте жактырылган ББСнын долбоорун ОУБдун координациялык кеңешине жолдойт *(координациялык кеңеши тарабынан колдоого алынбаган долбоор кайра иштеп чыгууга 1-кадамдан баштап аткарууга сунушталат).* | ОУБдун тармактык комитети |
| 11 | ОУБдун координациялык кеңеши ББСнын долбоорун бекитүү үчүн университеттин окумуштуулар кеңешине жолдойт. | ОУБдун координациялык кеңеши |
| 12 | Окумуштуулар кеңешинде жактырылган ББСнын долбоору ректордун буйругу менен бекитилет. | Ректор |
| 13 | Бекитилген ББС ОшМУда иштелип чыккан билим берүү стандарттарынын реестрине киргизилет. | Билим берүүнүн изилдөөлөрдүн, инновациялардын сапатын өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландоо департаменти |